Ат чабыш



Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

Ат чабыш

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы
(https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ат чабыш" (Кыргыз тилинде),
автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Таттыбүбү Ырысбай кызы.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



"Ат – адамдын канаты" дешет. Машина бара албаган тоолуу жерлерге адам ат менен барат. Ат – адамдын эң ишенимдүү көлүгү.



Атка жүк артса да болот. Атка минип алып “Ат чабыш”, “Кыз куумай”, “Көк бөрү” сыяктуу оюндарына катышат.



Ат чабыш – бул күлүк аттардын жарышы, кыргыз элинин кызыктуу оюндарынын бири.

Күлүк ар дайым туруп уктайт. Эки кулагы тикчийип, жал-куйругу төгүлүп, туйлап турат.

Чабылуучу күлүктү таптаган адам – **саяпкер**. Тапталган аттар ат чабышка жана аламан байгелерге чабылат. Ат чабышка үч жаштан өткөн күлүктөр кошулат.

Атты минип чапкан бала – “**чабандес”**.

Чабандестикке 8-14 жаштагы балдар катыша алат.



Күлүктөр кыска аралыкка да, алыс аралыкка да чабылат. Азыркы кезде ат чабыш ат майданында өткөрүлөт. Атты токулуу же жайдак чапса да болот.

Ат чабышта жакшы тапталган ат марага чыгып келет. Чабандес зирек, чыйрак, шайдоот болушу зарыл. Ат чабыш **“аламан байге”** деп да аталат.

Ат чабышта жолду кыскартууга, башка атты камчы менен чабууга, жолун тороого болбойт.



Эң күлүк, чарчабаган аттарды **тулпар, аргымак, дулдул** дешет.

Эгерде чабандес балдардын мингени жалаң тай болсо – тай чабыш, кунан болсо – кунан чабыш деп аталат. “Манас” эпосунда, дастандарда ат чабыш оюну, күлүк тулпарлар жөнүндө көп айтылат.

Сен ат чабышты көрдүң беле?

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Таттыбүбү Ырысбай кызы

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- **2.2 деңгээли**

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли